Койлубаева А.К.

К. Тыныстанов ат. ЫМУ

“МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ КОШМО СҮЙЛӨМДӨРДҮН БЕРГЕН МААНИЛЕРИ

“Манас” эпосу – өзүнүн байыртадан бери укумдан-тукумга өтүп, калыптанып келе жаткан тил байлыгы менен көркөмдүктүн зор үлгүсү. Эпостун бай речтик арсе-налынан сөздүн образдуулук жана эмрционалдык көркөмдүгүн артты-руучу поэтикалык каражаттардын үлгүлөрүн өтө кеңири кездеш-тиребиз. Көркөмдүк маселеси тил-дин фонетика, лексикология, син-таксис, стилистика, диалектология жана башка тармактары менен байланышкан көп кырдуу жактарын кучагына алат. Эпостун көркөмдүк маселеси адабий багытта бир кыйла даражада изилденгени менен, лингвистикалык багытта изилдөөнүн объектисине толук алынбай келүүдө. Ошондуктан аны тилдик планда изилдөөнү, т.а., синтаксистик багытта сөз козгоону максат кылдык.

Эпостун материалдарында каармандардын айтайын деген ою синтаксистик ар түрдүү конструк-циялар аркылуу берилет. Андай конструкциялардын тилибизде байыртан бери эле өнүккөн түзүлүштөрүнүн бири – кошмо сүйлөмдөр болуп эсептелет. Кошмо сүйлөмдөр тең жана багыныңкы байланышта болгон грамматикалык негизи эки түрдүү түзүлүшү менен катар аралаш, же көп багыныңкылуу түрүндө да колдонулат. Бир нече багыныңкы сүйлөмү бар (көп багыныңкылуу) кошмо сүйлөмдөр “Манас” эпосунун материалдарында өтө көп кездешип, алар маани жагынан өз ара тыгыз байла-ныштагы бир нече бөлүктөн турган кеңири ой-пикирди билдирүүдө колдонулат. Мисалы :

Кайран долу Каныкей

Ороз кандын он уулу

Ала болуп кызталак

Олжомо зордук кылганда,

Жар көчүрүп жапканда,

Өлтүрмөк болуп жатканда,

Эмгекти катуу тарттырып,

Эмчегин жар аттырып,

Кайран катын Каныкей

Өчкөн отун тамызып,

Өлгөн жанын тиргизип,

Эрдигин долу билгизип,

Үзүлгөнүн улады

(С.К. 540. 1644-1645).

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумунда үч мезгил багыныңкы (Олжомо зордук кылганда; жар көчүрүп жапканда; өлтүрмөк болуп жатканда), беш сыпат багыныңкы (эмгекти катуу тарттырып; эмчегин жара аттырып; өчкөн отун тамызып; өлгөн жанын тиргизип; эрдигин долу билгизип) сүйлөмдөр бар. Алардын баяндоочтору ар түрдүү формада уюшулуп, берген маанилери да ар башка. Бул кошмо сүйлөмдөгү баш сүйлөм (Кайран катын Каныкей үзүлгөнүн улады) жанаша айтылган сыпат багыныңкы сүйлөм менен түздөн-түз байланышып, баш сүй-лөмдөгү аткарылган иштин сыпатын көрсөтүп турат. Ал эми -ган+да формасындагы мезгил багыныңкы сүйлөмдөргө баш ийип, ошол сыпат багыныңкы сүйлөмдөр аркылуу гана баш сүйлөм менен тутумдашып турат. Эпостун материалдарында мындай көп багыныңкылуу кошмо сүйлөмдөр өтө жыш учурайт. Мисалы :

Кара сурдун сулуусу

Мусулмандын нурдуусу

Кашкайган жеңең Каныкей

Кызгалдактай кылактап,

Кырым кызыл көйнөгү

Этеги чыгып булактап,

Адырдан чыккан булак деп,

Көкөтөйдүн ашында

Көп жыйындын астында

Батадан бүткөн чунак деп,

Алып келди баланы.

(С.К. 540. 1563-1564).

Жогорудагы ырлардын негизинде Манастын башка аял-дарына салыштыра келгенде, Каныкейдин көрөгөчтүгү, ишмердиги жана аялдык касиети алардан бөлүп, өзгөчөлөнтүп тургандыгы ачык байкалат. Мезгил жана сыпат багыныңкы сүйлөмдөр аркылуу Каныкейдин өзүнүн турган турпаты менен чыныгы аялдык назиктикке ээ болгон жар экендигине ынансак, экинчиден, ал баатырдыкты көрсөтүп колуна курал кармап, эли-жерин коргогон, ата намысын жактаган, Манастын атын жана даңкын сактаган баатыр жана каарман зайыптардан экендиги көз алдыга элестүү берилет.

Ар түрдүү багыныңкылуу кошмо сүйлөмдөрдө алдыңкы ба-гыныңкылуу сүйлөмү улам кийинки багыныңкы сүйлөмү менен бай-ланышып келет да, анын эң акыркысы багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен тыгыз карым-катышты түзөт. Мисалы:

Айбатынан баатырдын

Апкаарыша калышып,

Салам алик алышып,

Баары туруп дүрбөшүп,

Башта булар отурган

Баатырдык кебин сүйлөшүп,

Алмамбет баатыр киргенде,

Азыр булар турушту

Айбатынан жүдөшүп, - дегенде көпчүлүктүн Алмамбетти көргөндөгү абалы, дагы бир жолу андагы баатырдык сапаты ар түрдүү багыныңкылуу сыпат, мезгил, багыныңкы кошмо сүйлөмдөр ар-кылуу даңазалангандыгын түшүнүүгө болот. Анткени Алмамбет келгенче, аракка тойгон билермандар "баа-тырдык кептерин сүйлөшүп" отурушса да, аны көрөрү менен толкундуу эмоция жокко чыгып, ың-жыңсыз отуруп калышканы көз алдыга тартылат.

Ар түрдүү багыныңкылуу кошмо сүйлөмдөрдө түрдүү маа-нидеги багыныңкы сүйлөмдөрдүн бири-бири менен тутумдашып айтылышы, алардын өз ара жайланыш тартиби айтылуучу ойдун мазмуну, максаты менен байла-ныштуу болору байкалат. Эпостун материалдарында ар түрдүү багы-ныңкы сүйлөмдөр өз ара, негизинен, төмөнкүдөй тартипте жайгашып айтылат.

а) мезгил багыныңкы+сыпат багыныңкы+баш сүйлөм:

Таң кашкайып сүргөндө,

Жерге жарык киргенде,

Төбөдөн жылдыз бөлүнүп,

Жерге жарык төгүлүп,

Жер жарылып бетеге

Чөбү менен көрүндү, - деп бейкут турмуш учурлары коңур мүнөздө ишенимдүү сүрөттөлүп, мезгил багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочу –ган+да формасында, ал эми сыпат багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору –ып формасында болуп, баш сүйлөм менен (бетеге чөбү менен көрүндү) байланышып турат. Мындай тартиптеги (алгач мезгил багыныңкы, анан сыпат багыныңкы) жайгашуулар эпостун материалдарында өтө көп учурайт. Ички душмандардын бири Чынкожо кара атын минип, Семетейге уруш салганда, Чынкожонун аты эпосто:

Эр Семетей киргенде,

Семетейдин айбатын

Кан Чынкожо билгенде,

Кара ат менен чаргытып,

Аңгемесин арбытып,

Чыдай албай шашканда,

Чынкожо чыкты асманга, - деп сүрөттөлөт. Мында Чынкожонун асманга качан, кантип чыккандыгы багыныңкы сүйлөмдөр аркылуу кеңири сыпатталып, мезгил ба-гыныңкы сүйлөмдөрдүн (эр Семетей киргенде; Семетейдин айбатын кан Чынкожо билгенде; чыдай албай шашканда) баяндоочтору –ган+да, ал эми сыпат багыныңкы сүйлөмдөрдүн (кара ат менен чаргытып, аңгемесин арбытып) баяндоочтору –ып фор-масында уюшулуп, баш сүйлөмдөгү (Чынкожо чыкты асманга) айтылган ойдун кантип ишке ашкандыгы белгилүү болуп турат.

б) мезгил багыныңкы+себеп багыныңкы+баш сүйлөм:

Астыңдан душман кез келсе,

Жүрөгү чыгып кетсин деп,

Ак олпоктун сыртына

Кара чаар жыландын

Бедерин салып койгонмун, - дегенде, Ак олпоктун чыдам-кайлыгын жана көрктүүлүгүн арт-тыруу үчүн бир нече кабат-таштырылган кийиз менен кайышты кайра-кайра шырып жасашып, бет келген душманга сүрдүү көрүнүш үчүн Ак олпоктун сырткы беттерине жырткыч айбандардын (ажыдаар, жылан, арстан) ар түрдүү көрү-нүштөгү сөлөкөтү түшүрүлүп тигил-гендиги көз алдыга келет.

в) мезгил багыныңкы+сыпат багыныңкы+мезгил багыныңкы+сыпат багыныңкы+баш сүйлөм.

Эпосто Букарда тарбияланган Семетейди кан көтөргөн тойдо төлгөгө чабылган Тайторунун чыгып келген учуру:

Эңкейиштеп жүгүрсө,

Эликтей колу сайылып,

Өр таяна бергенде,

Жал куйругу жайылып,

Табына келет Тайтору, - деп сүрөттөлөт.

Жогорудагы факты-материал-дар көрсөткөндөй, көп багыный-кылуу кошмо сүйлөмдөрдүн туту-мундагы жөнөкөй сүйлөмдөр маа-ниси боюнча жана грамматикалык, интонациялык жактан бир бүтүн биримдикти түзүп, толук аякталган татаал ойду туюнтары байкалат. Көп багыныңкылуу кошмо сүйлөмдөрдө алды менен багыныңкы сүйлөмдөр өз ара бири-бири менен байланышып келип, андан кийин баш сүйлөм менен байланышат. Туюндурган мааниси, алардын бири-бири менен жана баш сүйлөм менен байланышуу жолдору, ошондой эле баш сүйлөмгө карата болгон маанилик катыштары ар түрдүү болот.

Жыйынтыктап айтканда, "Манас" эпосунун өзгөчө жашоо формасы сүйлөмдүн түзүлүшүнүн синтаксистик өзгөчө принциптерин талап кылат. Эпостун тилинде кыска сүйлөмдөр менен катар абдан кеңири масштабдагы синтаксистик жактан бир бүтүндүктү, грамматикалык жактан жалпы ыргактагы бүткөн же бүтпөгөн бир нече сүйлөмдү бириктирген өзгөчө моделди түзүп турат. Мындай конструкциялар эпосто бир окуя менен экинчи окуяны байланыштырып, мурунку окуядан жыйынтык чыгарылып, башталуучу жаңы окуяга угуу-чулардын көңүлүн буруп, кы-зыгуусун күчөтүп, жандуу элес пайда кылат да, сөздөрдүн экспрес-сивдик маанисин көрсөтүүдө, образ-дарды ачып берүүдө, пейзаждык сүрөттөөлөрдө, кейипкерлердин ке-бинде өтө кеңири кодонулат.

Адабияттар:

1. "Манас" эпосу С.Кара-лаевдин варианты 6-ча. 1-2-том. - Б.: 1995.

2. Семетей. С. Каралаевдин варианты боюнча 1-китеп. - Фрунзе: Кыргызстан, 1996.

3. "Манас" энциклопедиясы - Б.: 1995. 2-том.